УДК: 811.112: 811.512.161(575.2)(0.43.3)

**Садыкова С. З.**
филология илимдеринин доктору,
*Жусуп Баласагын атындагы*
*Кыргыз улуттук университетинин профессору*

## ТҮРКОЛОГИЯНЫН ТИЛ ИЛИМИ КАТАРЫ ЖАРАЛЫШ БАШАТЫ

**Садыкова С. З.**
доктор филологических наук
*профессор Кыргызского национального*
*университета имени Ж. Баласагына*

## СТАНОВЛЕНИЕ ТЮРКОЛОГИИ КАК ЛИНГВИСТИЧЕСКОЙ НАУКИ

**Sadykova S. Z.**
doctor of philology
*professor of the Kyrgyz National University*
*named after J. Balasagyn*

## FORMATION OF TURKOLOGY AS A LINGUISTIC SCIENCE

**Аннотация.** Макалада түркологиянын өзүнчө илимий тармак катары жаралышы тууралуу сөз болот. Түркология – түрк тилдүү тектеш элдердин тилдерин, тарыхын, адабиятын, элдик оозеки чыгармачылыгын, материалдык, рухий маданиятын изилдөөчү гуманитардык-коомдук илимдер комплекси катары жаралып, бүгүнкү күндө дүйнөлүк илим-билим системасында өзүнө тиешелүү маанилүү оорунга ээ. Түркологиянын комплекстүү гуманитардык-коомдук илимий багыт катары жаралышын негиздегендер, өнүктүргөндөр универсал улуу алтаист-түркологдор. Макалада бул окумуштуулардын илимий мурсатарын тигил же бул конкреттүү ар бир түрк тилинин контекстинде изилдөөгө алынды.

**Негизги сөздөр:** түркология, түрк тилдери, алтаист-түркологдор, илимий мурастар, грамматика, фонетика, лексикография.

**Аннотация.** В статье речь идет о возникновении тюркологии как отдельной научной отрасли. Тюркология возникла как комплекс гуманитарно-общественных наук, изучающих языки, историю, литературу, устное народное творчество, материальную, духовную культуру тюркоязычных народов и в настоящее время имеет свое значимое место в мировой системе науки и образования. Основоположниками становления тюркологии как комплексного гуманитарно-социального научного направления являются великие алтаисты-тюркологи. В статье рассматривается научное наследие этих ученых в контексте того или иного конкретного тюркского языка.

**Ключевые слова:** тюркология, тюркские языки, научное наследие, алтаист-тюркологи, грамматика, фонетика, лексикография.

**Annotation.** The article deals with the emergence of Turkology as a separate scientific branch. Turkology originated as a complex of humanities and social sciences, studying languages, history, literature, oral folk art, material and spiritual culture of the Turkic-speaking peoples and currently has its significant place in the world system of science and education. The founders of the formation of Turkology as a complex humanitarian and social scientific direction are the great Altaist Turkologists. The article examines the scientific heritage of these scientists in the context of a particular Turkic language.

**Key words:** Turkology, Turkic languages, Altasit-Turkologists, scientific heritage, grammar, phonetics, lexicography.

Тил илиминин жаралышы, биринчи кезекте, тил деген эмне, адам сүйлөгөндү кантип үйрөнгөн, аталыш менен нерсенин ортосунда кандай карым-катыш бар деген маселенин тегерегиндеги алгачкы ой жоруулар менен байланышта карала турган болсо, экинчиден, тилди үйрөнүүнүн практикалык талаптары, практикалык маселелери менен түздөн-түз байланышат. Биринчи маселеге түркологиянын тиешеси деле жок, ал жалпы тил илиминин, тил илиминин тарыхынын жана теориясынын маселелери. Ал эми экинчи маселе, б.а. тилди үйрөнүүнүн практикалык маселелери, түркологиянын өзүнчө тармак катары жаралышын түздөн-түз шарттаган негизги маселе деп кароого болот. Анткени, жогорто белгиленгендей, дүйнөлүк цивилизацияда түрк элинин ордуну, ролу, кийинки эле мезгилдердеги, өзгөчө 18-20-кылымдардагы, Евразиянын кеңири аймагындагы коомдук-саясий, социалдык-маданий жагдайлар түрк элдери менен болгон кеңири аймактагы коңшулук карым-катыш, алардын тилин, тарыхын, этнографиясын, маданиятын терең өздөштүрүү, билүү зарылдыгын алдыга койду. Мындай шартта тилди билүү, тилди билүү үчүн ар кандай практикалык маселелерди чечүү муктаждыктары жаралды, б.а. ошол кездердеги эң таасирдүү көчмөндөр – кыргыздар, татарлар, кыпчактар деген жалпы ат менен белгилүү көчмөндөрдүн сөздөрүн камтыган сөздүктөрдү, чөнтөк китепчелерди түзүү, аларды түшүндүрүп, орусча котормолорун берүү сыяктуу практикалык маселелер коюла баштады.

Академик Н.А.Кононовдун сөзү менен айтканда "В 60-годах XVIII в. был заложен первый камень в фундамент н а у ч н о г о изучения тюркских языков в России. Именно эти годы следует считать началом научного этапа в истории отечественной тюркологии, которому предшествовал многовековой период практического знакомства русских с тюркскими языками" [12, 180-б.]

Баса белгилеп коюу зарыл. Ушул эле мезгилдерде Россия менен эле катар Европада, өзгөчө Германияда деги эле жалпы тил илиминин илим катары өнүгүшүн аныктаган илимий мектеп, багыттар жарала баштаган. Жалпы тил илиминдеги натуралисттик, психологиялык мектептер, тектештирме-тарыхый тил илими, младограмматизм, неограмматизм сыяктуу багыттардын негиздөөчүлөрү: Ф. Бопп, А.Х. Востоков, А. Шлейхер, А.Лескин, К.Бругман, Г. Пауль, Б.Дельбрюк, Ф. Ф. Фортунатов, И. А. Бодуэн де Куртене, В. А. Богородицкий, Н. В. Крушевский ж.б.у.с. дүйнөлүк тил илиминде белгилүү боло баштаган. Ал эми немец окумуштуулары Вильгелм Кристиан Шотт, Аннемари фон Габен, О. А. Бётлингк, К. Броккельман ж.б.у.с. түрк тилдери боюнча изилдөөлөрдү жүргүзө башташкан.

Албетте, бул мезгилде түрк тилдерин практикалык максатта үйрөнүүгө багытталган Азбукалар, Сөздүктөр, Пособиелер, Чөнтөк китепчелеринен сырткары, түрк тилдерин илимий, илимий-окутуу багытында үйрөнүү маселесине да өзгөчө көңүл бурула баштагандыгын көрөбүз. Түрк тилдерин университеттерде окутуу, илимий грамматикасын түзүү Россияда Мырза Александр Казам-Бектин ысымы менен байланышат (Мырза Мамед Али-Касым уулу 1802-1870) [9, VIII-IX б.]Ал 1826-1849-жылдары Казан университетинде татар, түрк, перс, араб тилдеринен сабак берип, 1839-жылы "Грамматика турецко-татарского языка" деген биринчи грамматикасын жарыкка чыгарат. Бул грамматиканын илимий материалдар менен толукталган 2-басылышы "Общая грамматика турецко-татарского языка" деген аталышта 1846-жылы жарык көрөт. Грамматика жарык көрөөрү менен Жулиус Теодор Зенкер тарабынан немис тилине которулат [10, 2+XXII+271+7-б.].

Бул грамматикада автор үч маселени чечүүгө аракеттенген, биринчиден, биринчи жолу тигил же бул түрк тилинин материалдарынын негизинде илимий-нормативдүү грамматика түзүүгө, экинчиден, ушул илимий-нормативдүү грамматиканы университеттерде окутуу маселесин чечүүгө, үчүнчүдөн, тектеш түрк тилдеринин тектештирме грамматикасын түзүүгө аракеттенген, б.а. Мырза Казам-Бектин өзүнүн сөзү менен айтканда "...приводятся сравнительные примечания касательно татарских наречий и указываются на главнейшие уклонения, между ними существующие" [9; 10, VIII-IX б.]. Ушул жерде бир жагдайга өзгөчө көңүл буруу зарыл: татар дегенде Казан татарларынын эле тили жөнүндө сөз болуп аткан жок. Аны менен эле кошо оренбургдук, сибирлик, азербайжандык "татарлар" жөнүндө да сөз жүрүп жатат. Түрк элдеринин көбүн "татар" термини менен аташкан. Эгерде Г.Ф. Миллер Сибирдеги кыргыздардын баарын Ломоносовдун "өтүнүчү" менен "татар" деп атаганын эске алсак, М. Казам-Бектин "татар" термини кыргыздарды да атап жаткандыгын танууга болбойт [14].

Түрк тилдеринин материалдарынын негизинде түзүлгөн биринчи тектештирме грамматика үч негизги бөлүмдөн турат: 1-бөлүм – Алфавит жана тамгалардын окулушу; зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч; 2-бөлүм – этиш, тактооч, жандооч, байламта, сырдык сөз; 3-бөлүм – сөз тизмектери, б.а. синтаксис маселеси. Демек, Казам-Бектин бул грамматикалары көлөм жагынан да (500 бетке жакын), материалдардын берилиш логикасы жагынан да жана илимий-нормативдүүлүк жагынан да өтө дыкат иштелген грамматика катары айрым бир мүчүлүш жактары (тууранды сөз, модал сөз, бөлүкчөлөр каралган эмес) бар экендигине карабай башка изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурду, жогор жакта белгиленгендей, бул грамматика жарык көрөөрү менен мактоо мүнөзүндөгү бир нече пикир (отзыв) жазылып, грамматика өзү немис тилине которулат, 1841-жылы ошол кездеги эң чоң сыйлыктардын бири – П. Н. Демидов өзү түзгөн Демидов сыйлыгына татыйт [8, 211-247- бб.]

Мырза Казам-Бектин аталган грамматикасы жарык көрөөрү менен эле ошол кездеги белгилүү немец алтаист-түрколог Вильгельм Шотт ага рецензия жазат (6, 967-976). Көп өтпөй М. Казам-Бектин грамматикасынын экинчи басылышына О.А.Бётлингк рецензия жазат [1]. Мырза Казам-Бектин грамматикасына жазылган айрым бир сын пикирлерге В. Шотт экинчи ирет макала жазып, жооп берип, ал грамматиканын жалпы алтай тилдери, анын ичинде түрк тилдери үчүн өтө баалуу эмгек экендигин баса көрсөтүүгө аракеттенет. Ошону менен эле катар фонетика бөлүмүнүн толук эмес берилгендигин, өзгөчө түрк тилдериндеги негизги өзгөчөлүк болгон сингармонизм – жалпы эле тыбыштардагы үндөшүү маселеси жөнүндө бир ооз сөз айтылбагандыгын белгилейт, морфология бөлүмүндө сөз түркүмдөрү жөнүндөгү маселенин да толук болбой калганын, айрым сөз түркүмдөрү жөнүндө маалымат берилбегендин көрсөтөт. Синтаксис бөлүмү биринчи жолу көтөрүлүп жатканын, такыр эле изилденбеген бөлүм биринчи жолу ушул грамматикада алгачкы тажрыйба катары коюлуп жатканын, татаалдыгына байланыштуу бул маселеге мурда эч ким кайрылбагандыгын белгилейт [6, 967-976-бб.; 7, 27-35-б.].

Түркологиянын өзүнчө илимий тармак катары жаралышында, албетте, Мырза Казам-Бектин кийин эле санскритолог, лингвист-түрколог Отто Николаевич Бётлингк (1815-1905-ж.) турат. Ал түркологдордун илимий дүйнөсүнө өзүнүн якут тилинин грамматикасы менен таанымал [2]. Биз бул жерде О.Бётлингктин грамматикасы жөнүндө сөз кылып жатышыбыз, эң алды менен ал грамматика якутча тексттер менен коштолуп, немис тилине которулган, андан сырткары ал жерде 4600гө жакын якут тилинин сөздөрү немисче котормосу менен сөздүк түрүндө берилген. Бул грамматикада дагы Мырза Казам-Бектикиндей эле фонетика, морфология, синтаксис маселелери каралган. Бирок дагы да болсо синтаксис бул грамматикадагы начар иштелген бөлүм катары белгиленип жүрөт. Ошол эле учурда О.Бётлингктин грамматикасына кошо берилген якут-немис сөздүгү якут тилинде биринчи түзүлгөн лексикографиялык эмгек катары өзгөчө мааниге ээ...

Арийне XIX кылымдын экинчи жарымы чыгыш таануу багытында, өзгөчө анын түркология тармагында, илимий-нормативдик грамматикалык сыпаттоолор менен эле катар лексикографиялык, этимологиялык, фонетикалык багыттагы изденүүлөр да активдеше баштагандыгы байкалат. Мындай жагдай, биринчи кезекте, буга чейинки эмгектерге таянуу жана аларды негиз тутуу менен, алардагы мүчүлүштүктөрдү оңдоо, көбүрөөк факт-материалдарды топтоо, көбүрөөк тилдердин материалдарын талдоого алуу аркылуу тереңирээк, кененирээк сыпаттоо менен түздөн-түз байланышса, экинчиден, Санкт-Петербургда атайын түркологиялык, синологиялык борборлордун түзүлүшү, ал жерде чыгыш тилдери боюнча факультеттин ачылышы менен байланышта экендиги талашсыз. Мына так ушул мезгилде түрк тилдеринин кийинки түзүлүүчү грамматикалары үчүн үлгү болуучу, белгилүү деңгээлде 1950-жылдарга чейинки советтик грамматикалар үчүн 100 жылга жакын убакыт үлгү катары колдонулуп келген “Грамматика алтайского языка. Составлена членами Алтайской миссии” 1869-жылы Казанда жарык көрөт. Бул жерде да О. Бётлингктин грамматикасы өңдүү орус-алтай, алтай-орус сөздүгү кошо берилет. Алтай грамматикасынын түзүүчүлөрү Н. И. Ильминский, В. И. Вербицкий болгон. Бул грамматика башка грамматикаларга караганда материалдын толуктугу, талдоого терең алынышы, грамматикалык категориялардын илимий жактан так, туура түшүнүктүү берилиши менен кескин айырмаланат. Алтай тилинин грамматикасы деп эле аталганы болбосо, бул эмгек түрк тилдериндеги баар-

дык категориялар ошол мезгилдин талабына жана түшүнүк, ой-пикирдин деңгээлине жараша чечмеленет, жалпы түрк тилдери, анын ичинде кыргыз тили үчүн да алгачкы грамматика катары кызмат кыла алат. Анткени кыргыз тилине эң жакын тектеш тил – ушул алтай тили.

Жалпы түркологиянын, анын ичинде кыргыз тилинин да илимий-нормативдик деңгээлде грамматикалык өңүттө сыпатталышы "Грамматика турецкая, персидская, киргизская и узбекская" деген аталышта М.А. Терентьев тарабынан 1875-жылы Санкт-Петербургда жарык көргөн грамматикада ишке ашат. Бул грамматиканын кыргыз, өзүбек тилдерине тиешелүү бөлүмдөрү немис тилине которулуп, 1917-жылы Берлинде басылып чыгат [5, 150-223-б.] Ушул эле учурда П. М. Мелиоранскийдин эки бөлүктөн турган "Краткая грамматика казак-киргизского языка" Ч.I. Фонетика, этимология. СПб, 1894; ч. II. Синтаксис СПб, 1897, деген грамматикасынын жарык көрүшү казак тилинин материалдары менен эле бирге кыргыз тилинин да материалдары камтылгандыгын көрсөтөт. Анткени бул жерде казак термини өзүнчө, кыргыз термини өзүнчө колдонулуп, бул эки термин эки башка, бирок өтө жакын эки элге тиешелүү экендигин айгинелеп турат. Биз мындайча түшүндүрүүдөн качпашыбыз керек. Ушундай эле пикирди В.В.Катаринский тарабынан түзүлүп "Грамматика киргизского языка. Фонетика, этимология и синтаксис" деген аталышта 1897-жылы Оренбургда жарык көргөн грамматика жана "Краткий грамматический очерк казак-киргизского языка" деген чакан бөлүмү [11, 83-106-бб.] бар. "Материалы по казак-кыргызскому языку" деген ат менен 1900-жылы Москвада жарык көргөн эмгектер жөнүндө да айтууга болот [11, 107-148-бб.]. Анткени академик А. Н. Кононовдун бир айткан пикири бизди ушундай ойго түртөт. "Киргизский язык, носители которого в дооктябрьский период назывались кара-киргизы, буруты или дикокаменные киргизы, был изучен очень слабо. Ввиду терминологической путаницы – киргизы-казахи и собственно киргизы – часто трудно без детального изучения отнести записи лексического материала, сделанные в XVIII в., строго определенно к киргизскому или казазхскому языку (астын мен сыздым – С. С.). Первый "Русско-киргизский словарь" составлен генерал-майором Скалоном. Рукопись, 1774-г." [12, 222-б.].

Окумуштуунун маалыматы боюнча бул сөздүктө 1600 сөз камтылган, бул таза кыргыз тилинин сөздүгү экендигин белгилейт. "Большой фактический материал по киргизскому языку был собран В. В. Радловым во время его поездок в Киргизию в 1862 и 1869 гг. и издан им в "Образцах..." [15, 1885], которые долгое время были единственным источником для изучения киргизского языка. Киргизская лексика (кара-киргизское наречие) вошла в радловский "Опыт словаря....", данные киргизского языка В.В.Радлов использовал в своей "Фонетике...".

В дооктябрьский период грамматический строй и лексический состав киргизского языка не были предметом специального изучения (эч бир тил атайын изилденген эмес, грамматикалар гана түзүлгөн – С. С.); отдельные замечания о его грамматике и лексике встречаются в работах Бётлингка, Ильминского, Радлова, Мелиоранского, Катанова и др. [12, 223-б.].

Эгерде булар революцияга чейинки мезгилдерде тигил же бул түрк тилдерин изилдөөгө зор салым кошуп, түркологиянын өзүнчө илимий тармак катары жаралышын негиздеген алгачкы грамматисттерден болушса, ошол эле В. В. Радлов, П. М. Мелиоранский жана булардын шакирти С. Е. Малов Орхон-Енисей жазма эстеликтери деп аталган байыркы кыргыз, байыркы түрк, байыркы уйгур жазма эстеликтерин табуу, жыйноо, окуу иштерине көңүл бурушат жана ал эстеликтерди изилдөө, басып чыгарууга активдүү киришишет.

Арийне, байыркы сырдуу жазуулар жөнүндөгү алгачкы үзүл-кесил маалымат XVII кылымдын аягында айтыла башталат. Бул жазуунун алгачкы үлгүлөрүн Филипп Иоганн Табберт-Страленберг (1676-1747) өзүнүн "Das Nord und Östliche Theil von Europa und Asia" ("Европа жана Азиянын Түндүк жана Чыгыш бөлүгү") Stocgolm, 1730 деген эмгегинде биринчилерден болуп жарыялайт. Кийинчерээк саякатчы П. С. Паллас да ал жазуунун үлгүлөрүн жарыялайт. XIX кылымдын башында Г.И.Спасский өзүнүн "Сибирский вестник" деген мезгил-мезгили менен чыгуучу журналынын I, II, III, IV, VII номурларына "Древности Сибири" деген аталыштагы эмгегин 1818-жылы басып чыгарат да, ага тиркеме катары белгилүү рун жазууларынын таблицасын кошо берет. Ушул эмгектин айрым бир үзүндүлөрү латын тилине которулуп, өзүнчө китепче болуп жарык көрөт. Ушул котормого Абель- Ремюза чоң макала

жазат, аны 1825-жылы Г. И. Спасский өзүнүн "Азиатский вестник" ("Азия жарчысы") деген журналына орусча котормосунда басып чыгарат. "Сырдуу жазуулар" жөнүндөгү маалымат ошол бойдон кала берет, эч ким аны окуй албайт, XIX кылымдын аяк ченинде түркологиянын тарыхы үчүн, сырдуу жазуунун тагдыры үчүн өтө маанилүү чоң окуя болуп өтөт. 1889-жылы Н.М.Ядринцев Монголияда Улан-Баатордан 400 км Батышыраак Орхон дарыясынын анча алыс эмес Кошо-Цайдам деген жерден эки чоң ташка чегилген "сырдуу жазуусу" бар эстелик табат. Бул эстеликтер Күлтегинге жана Билге каганга (Могилян ханга) арналып чегилген жазуулар эле. Н.М.Ядринцевден кийин ал жакка 1890-жылы фин экспедициясы, 1891-жылы В. В. Радлов башында турган орус экспедициясын Илимдер академиясы жөнөтөт. Ушул эки экспедициянын ишинин жыйынтыгы катары эки атлас түзүлөт жана ушул материалдар "сырдуу жазууну" дешифровкалаганга жетиштүү болот.

1893-жылдын 15-сентябрында даниялык окумуштуу Вильгельм Томсен Дания падышалык илимдер академиясынын жыйынында өзүнүн "сырдуу жазууну" окуу тажрыйбасы жөнүндө доклад жасайт. Ошол эле учурда В.В.Радлов да ал жазууну окуунун ачкычын таап, Петербург илимдер академиясынын жыйынында Күлтегинге коюлган эстеликтин өзүн жана анын котормосун сунуштайт. 1894-1895-жылдары "Die alttürkischen Inschriften der Mongolei" ("Монголиядагы байыркы түрк жазмалары") деген серия менен "сырдуу жазууларды" өз котормосунда жарыялап турат. Бул эстеликтердин негизинде 1897-жылы "Die alttürkischen Inschriften der Mongolei. Neue Folge" ("Монголиядагы байыркы түрк жазмалары. Жаңы эпизод") деген изилдөөсүн жарыкка чыгарат. Бул изилдөөсүндө фонетика, морфология, синтаксис боюнча кыскача грамматикалык очерк, тексттердин орусча академиялык транскрипциясын, котормосун жана сөздүгүн кошо тиркейт.

1897-жылы Елизавета Николаевна Клеменц Улан-Баатордон 60 км. Түштүк-батыш тарапта Төнүкүккө коюлган чоң жазуу эстелигин табат. Текстти, транскрипциясын, немисче котормосун, сөздүгүн түзүп, 1899-жылы В.В.Радлов "Die alttürkischen Inschriften der Mongolei. Zweite Folge" ("Монголиядагы байыркы түрк жазмалары. Экинчи эпизод") деген эмгегин чыгарат [3].

Орхон-Енисей эстеликтерин изилдөө ишин В. В. Радловдун шакирти П. М. Мелиоранский антып, "Древнетюркские памятники в Кошо-Цайдаме" деген эмгегин В.В.Радлов менен бирдикте Санкт-Петербургда 1897-жылы чыгарат, ал эми "Памятник в честь Күл Тегина" деген эмгеги 1899-жылы "Записки Восточного отделения Русского археологического Общества" деген журналга басылат. Мында ал эстеликтеги жазуунун окулушу, которулушуна көңүл бурулуп, өтө терең тарыхый-лингвистикалык талдоо берилет.

В. В. Радлов, П. М. Мелиоранскийден кийин Орхон-Енисей эстеликтерин изилдөө булардын шакирти С. Е. Маловдун энчисине тийет.

Түркологиянын өзүнчө илимий тармак катары калыптанышында түрк тилдерин классификациялоо маселеси да өтө актуалдуу маселе катары көтөрүлгөн. Анткени түрк элдеринин калыптанышындагы өтө татаал тарыхый шарттар, конвергенттик, дивергенттик процесстер канчалаган майда уруулардын аралашуусуна, биригишине, кайра жиктелишине алып келди. А бул, сөзсүз түрдө, тилдердин да аралашуусун шарттады жана тилдерди белгилүү бир принциптер боюнча классификациялоону татаалдаштырды. Бирок ошого карабай революцияга чейинки мезгилде түрк тилдерин классификациялоого аракеттенүү чет элдик айрым бир изилдөөчүлөр тарабынан ишке ашырылган. Маселен, И.Аделунг, Г. Ю. Клапрот ж.б. Бирок булардын классификациясы өтө примитивдүү, өтө жөнөкөй болуп, илимий бир принциптерге ылайык келе бербеген...

Түрк тилдерин классификациялоодогу чыныгы классификация катары В. В. Радловдун классификациясы белгиленип келет. Ал өзү жыйнаган кеңири факт-материалдарга таянуу менен фонетикалык белгилерди негиз кылып алат да, ошол кездерде белгилүү болгон түрк наречиелерин, негизинен, 4 чоң топко бөлүштүрөт [4]:

I. Чыгыш тобу – наречие: алтай, барабин, түндүк алтай, абакан, чулым, сойон, карагас, уйгур;

II. Батыш тобу – наречие: кыргыз, иртыш, башкир, поволжелик;

III. Ортоазиялык топ – наречие: таранчы, аксу, кашгар, жаркенд, чагатай, түндук сарт, заравшандык өзбек, бухар, хива;

IV. Түштүк тобу – наречие: туркмен, азербайжан, кавказ, крым (караим), осмон.

Албетте, түрк наречиелери жөнүндөгү маалымат ал кезде анча толук болбогон, ошондуктан В. В. Радлов өзүнүн классификациясына көңүлү толбой, аны өркүндөтүү, толуктоо зарылдыгын түшүнгөн. Бир гана фонетикалык белгилерге негиздеп аталган тилдерди туура классификациялоо жетишсиз болооруна ынануу менен, морфологиялык белгилерди да пайдалануу керектигин белгилейт [4].

В. В. Радловдон кийинки классификация – академик Ф. Е. Корштун классификациясы. Бул классификация түрк тилдерин фонетикалык жана морфологиялык белгилерге таянып бөлүштүрөт да, негизинен, түрк тилдерин 4 топко жиктейт [13]:

I. Түндүк тобу: кыргыз, алтай (ойрот), волгалык татр, Түндүк Кавказ тарлары;

II. Батыш тобу: азербайжан, түрк, түркмөн, гагауз;

III. Чыгыш тобу: орхон-енисей жазуулары; байыркы уйгур, чагатай, половец; карагасс, койбал, сагай;

IV. Аралаш тобу: якут, чуваш.

Бул эки академиктин классификациялары түрк тилдерин фонетикалык жана морфологиялык белгилерге негиздеп жиктештирген, аларды бир белгилүү топко бөлүштүрүүгө боло тургандыгын аныктаган, ар бир конкреттүү түрк наречиелеринин калыптануу шарттарын да эсепке алган негиздүү классификация катары кеңири белгилүү болгон...

Арийне, түрк тилдери мурунку СССРди жана Түркияны жердеген көп сандаган элдердин, ошондой эле Иранды, Афганистанды, Монголияны, Кытайды, Болгарияны, Румынияны, Югославияны жана Албанияны мекендеген түрк элдеринин тили болуп эсептелет. Ал эми Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинде (КМШ) 30га жакын түрк тилдүү эл жашай тургандыгы маалым. Атап айтканда, кыргыз, казак, азербайжан, түркмөн, өзбек, башкыр, каракалпак, татар, тува, чуваш, якут, алтай, хакас, кумык, ногой, карачай, гагауз, караим, урум, крымчак жана башка бир катар тилдер дүйнөлүк тилдердин классификациясында түрк тилдер тобуна киргизилет. Түрк тилдери монгол, тунгус-манжур, корей, япон тилдери менен бирге алтай тегиндеги тилдердин тобуна кирет [16].

**Адабияттар:**

1. Böhtlingk, O. Kritische Bemerkungen zur zweiten Ausgabe von Kasem-Bek's Türkisch-Tatarische Grammatik. / O. Böhtlingk, zum Original und zur deutschen Übersetzung von Dr. J.Th. Zenker // Bull. hist.-phil. – 1848. – №19-23.
2. Böhtlingk, O. Über die Sprache der Jakuten: Grammatik. Text und Wörterbuch. – Sph., 1851. – S.11-12.
3. Radloff, W. Die Alttürkischen Inschriften der Mongolei. Verbesserungen, Zusätze und Bemerkungen zu den Denkmälern von Kosch-Zaidam. – St.Peterburg, 1895.
4. Radloff, W.W. Phonetik der nördlichen Türksprachen / W.Radloff. – Leipzig, 1882. – 366 S.
5. Sachau, E. Mitteilungen des Seminars für Orientalische Sprachen an der Friedrich Wilhelms-Universität zu Berlin. – Berlin, 1917. – S.150-223.
6. Schott, W. Jahrbücher für wissenschaftliche Kritik. – Berlin, 1841. - №119-120. – S.967-976.
7. Schott, W. Kritische Bemerkungen… – Archiv für wissenschaftliche Kunde von Russland. Herausg. von A.Ermann, Bd, VIII. – Berlin, 1850. – S.27-35;
8. Zehnter Preis von P.N. Demidows Auszeichnungen. 17. April 1841 = Десятое присуждение учрежденных П.Н.Демидовым наград 17 апреля 1841-г.. – St. Petersburg, 1841. – S. 211-247; СПб., 1841. – С. 211-247.
9. Казам-Бек, М.А. Грамматика турецко-татарского языка. – Казань: Универ. тип., 1839. – 527 с.
10. Казам-Бек, М.А. Общая грамматика турецко-татарского языка. Второе издание. – Казань: Универ. тип., 1846. – 466 с.
11. Катаринский, В.В. Грамматика киргизского языка. Фонетика, этимология и синтаксис. – Оренбург: Православ. миссион. о-во, 1898. – 196 с.
12. Кононов, А.Н. История изучения тюркских языков в России. Дооктябрьский период. – Л.: Наука, 1972. – 272 с.
13. Корш, Ф. Е. Классификация турецких племен по языкам. / "Этнографическое обозрение", кн. 84-85. – М., 1910.
14. Миллер, Г.Ф. История Сибири: в 2 т. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1937. – Т. 1. – 607 с.; Т. 2. – 637 с.
15. Радлов, В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. – СПб.: Тип. Императ. АН, 1885. – Ч. 5: Наречие дикокаменных киргизов. – 599 с.
http://allturkey.narod.ru/turkology.htm